Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2020-жылдын IV чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2020-жылдын IV чейрегинде 99,5 пайызды түзүп, 2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 0,4 пайызга көбөйгөн (2019-жылдын IV чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,1 пайызды түзгөн).

***1-таблица.*** *Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы (млн. сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2019-ж. IV чейреги | 2020-ж. IV чейреги | 2019-ж. IV чейреги | 2020-ж. IV чейреги | 2019-ж. IV чейреги | 2020-ж. IV чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **590 925,1** | **636 005,2** | **596 396,7** | **639 380,7** | **99,1** | **99,5** |
| Бишкек ш. | 306 975,3 | 333 749,4 | 303 423,9 | 328 295,4 | 101,2 | 101,7 |
| Ош ш. | 70 423,8 | 77 510,9 | 71 685,8 | 79 129,9 | 98,2 | 98,0 |
| Чүй областы | 44 930,9 | 37 845,0 | 44 813,0 | 37 800,9 | 100,3 | 100,1 |
| Ысык-Көл областы | 27 220,3 | 30 717,0 | 28 512,2 | 31 740,6 | 95,5 | 97,0 |
| Талас областы | 15 165,2 | 18 568,2 | 17 370,0 | 19 859,3 | 87,3 | 93,5 |
| Нарын областы | 13 259,6 | 16 044,7 | 13 806,9 | 16 534,7 | 96,0 | 97,0 |
| Ош областы | 28 167,1 | 24 954,0 | 28 304,5 | 25 074,0 | 99,5 | 99,5 |
| Жалал-Абад областы | 60 619,9 | 67 750,2 | 64 223,9 | 71 908,8 | 94,4 | 94,2 |
| Баткен областы | 24 163,0 | 28 865,8 | 24 256,4 | 29 037,1 | 99,6 | 99,4 |

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2020-жылдын IV чейрегинде 2019-жылдын IV чейрегине салыштырганда төмөнкү региондор боюнча өскөн:

- Бишкек шаары боюнча – 0,5 пайызга;
- Талас областы боюнча – 6,2 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 1,0 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 1,5 пайызга.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү 2020-жылдын IV чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча – 101,7 пайызды түзгөн. Ошондой эле Чүй областы боюнча – 100,1 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 93,5 пайыз.

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 636 005,2 млн сомду түзүү менен 2019-жылдын IV чейрегине салыштырганда 7,6 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү негизги булактар боюнча төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 279 094,8 млн сомду, көбөйүү 5,2 пайызды түзгөн (2019-жылдын IV чейрегинде – 265 388,1 млн сом);

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 28 345,5 млн сомду, көбөйүү 8,3 пайызды (2019-жылдын IV чейрегинде – 26 179,9 млн сомду) түзгөн;

- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 107 965,9 млн сом, көбөйүү 34,6 пайыз (2019-жылдын IV чейрегинде – 80 210,4 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 41 620,1 млн сомду, көбөйүү 0,7 пайызды (2019-жылдын IV чейрегинде – 41 345,7 млн сом) түзгөн;

- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 47 921,3 млн сомду, көбөйүү 8,9 пайызды (2019-жылдын IV чейрегинде – 43 987,3 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 45 163,5 млн сом, азаюу 11,1 пайыз (2019-жылдын IV чейрегинде – 50 816,5 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2019-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2020-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2020-жылдын IV чейрегинде 639 380,7 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 7,2 пайызга көбөйгөн.

2020-жылдын IV чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 278 399,5 млн сомду түзүп, 5,7 пайызга көбөйгөн (2019-жылдын IV чейрегинде – 263 364,5 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 27 544,2 млн сомду түзүп, 6,3 пайызга азайган (2019-жылдын IV чейрегинде – 29 396,2 млн сом);

- банкоматтарды толуктоо – 143 892,4 млн сомду, көбөйүү 27,6 пайызды (2019-жылдын IV чейрегинде – 112 769,8 млн сомду) түзгөн;

- локалдык акча которууларга төлөө – 37 134,9 млн сомду, көбөйүү 1,8 пайызды (2019-жылдын IV чейрегинде – 36 473,5 млн сомду) түзгөн;

- товарларга төлөө – 5 665,9 млн сом, көбөйүү 15,7 пайыз (2019-жылдын IV чейрегинде – 4 897,4 млн сом) чегинде белгиленген;

- чет өлкө валютасын сатып алуу – 54 841,1 млн сомду түзүп, 10,6 пайызга азайган (2019-жылдын IV чейрегинде – 61 338,5 млн сом);

- эмгек акыны төлөө – 1 196,8 млн сом, көбөйүү 12,7 пайыз (2019-жылдын IV чейрегинде – 1 061,8 млн сом) чегинде катталган.

## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2020-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү 56 620,5 млн сомду түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 8,4 пайызга азайган.

Клирингдик төлөмдөрдүн саны 2020-жылдын IV чейрек ичинде 1 836 556 төлөмдү түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 22,8 пайызга азайган.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2020-жылдын IV чейрегинде 988 263,4 млн сомду түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,0 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу отчеттук мезгилде 182 303 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 23,6 пайызга көбөйгөн.

***2-таблица.*** *Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү*

| **Мезгили** | **ПКС** | | **ГСРРВ** | | **Жыйынтыгында** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2019-ж. IV чейреги | 2 380 420 | 61 819,7 | 147 481 | 978 595,9 | 2 527 901 | 1 040 415,6 |
| 2020-ж. IV чейреги | 1 836 556 | 56 620,5 | 182 303 | 988 263,4 | 2 018 859 | 1 044 883,9 |

**2.3. Банктык төлөм карттар рыногу**

2021-жылдын 1-январына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр бардык коммерциялык банктар тарабынан сунушталган, алардын ичинен 14 банк эл аралык төлөм системасынын карттары жана 23 банк «Элкарт» улуттук системасы боюнча эмитенти жана эквайери болгон.

**1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы**

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттардын жалпы саны 2021-жылдын 1-январына карата абал боюнча 3 388,3 миң картты түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 13,7 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

| | |
|---|---|
| **- эл аралык системалар** | **1 402 917 (41,4%):** |
| - VISA | 934 847 (27,6%); |
| - Master Card | 67 882 (2,0%); |
| - «Золотая Корона» (Россия) | 395 190 (11,7%); |
| - Union Pay International | 4 998 (0,1%)). |
| **- «Элкарт» улуттук системасы** | **1 985 393 (58,6%):** |
| - «Элкарт» | 1 982 593 (58,5%); |
| - «Элкарт-UPI» | 2 800 (0,1%). |

***3-таблица.*** *Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны:*

| **Региондун аталышы** | **Visa** | **Master Card** | **Золотая Корона** | **Элкарт** | **UPI** | **Элкарт -UPI** | **Жыйынтыгында** | **Үлүшү (%)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 642 983 | 42 554 | 104 931 | 500 827 | 3 470 | 2 213 | 1 296 978 | 38,3 |
| Чүй областы | 51 561 | 4 544 | 40 807 | 211 688 | 779 | 77 | 309 456 | 9,1 |
| Ысык-Көл областы | 42 139 | 3 183 | 34 541 | 174 664 | 171 | 69 | 254 767 | 7,5 |
| Нарын областы | 10 081 | 2 646 | 25 807 | 122 481 | 0 | 124 | 161 139 | 4,8 |
| Талас областы | 17 309 | 1 645 | 13 076 | 84 181 | 176 | 27 | 116 414 | 3,4 |
| Жалал-Абад областы | 64 115 | 5 539 | 77 469 | 339 652 | 244 | 104 | 487 123 | 14,4 |
| Ош областы | 84 115 | 5 938 | 74 583 | 391 176 | 139 | 161 | 556 112 | 16,4 |
| Баткен областы | 22 544 | 1 833 | 23 976 | 157 924 | 19 | 25 | 206 321 | 6,1 |
| **Жыйынтыгында** | **934 847** | **67 882** | **395 190** | **1 982 593** | **4 998** | **2 800** | **3 388 310** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансылык ресурстардын ж.б. топтолушу жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да бул жерде кыйла өнүккөн болуп саналат. Натыйжада, 2020-жылдын IV чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүш Бишкек шаары боюнча 57,7 пайызды түзгөн. Ал эми Талас областы боюнча 2,4 пайыз чегинде кыйла төмөн көрсөткүч катталган.

2020-жылдын IV чейрегине карата абал боюнча карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардагы банктык эсептердеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 33,3 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 26,7 пайызды түзгөн.



6-график. 2021-ж. 1-январына карата облустар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны



7-график. 2020-ж.4-чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана

**2) Банктык төлөм карттар эквайринги**

Отчеттук жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагы боюнча орнотулган 1 856 банкоматтарда жана 12 067 POS-терминалдарда төлөөгө кабыл алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 8,4 пайызды же 144гө көп банкоматты түзгөн, ал эми POS-терминалдар 8,6 пайызды түзгөн же 953гө көп).

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана MasterCard эл аралык системалары боюнча – 779 банкомат жана 6 110 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 223 банкомат жана 1 097 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы боюнча – 378 банкомат жана 1 415 POS-терминал.

***4-таблица.*** *Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны (даана):*

| **Региондун аталышы** | **Банкоматтар** | **POS-терминалдар** | | **Төлөм терминалдары** |
|---|---|---|---|---|
| | | **Соода-тейлөө ишканаларында** | **Банктарда** | |
| Бишкек ш. | 704 | 7214 | 633 | 524 |
| Чүй областы | 186 | 789 | 204 | 190 |
| Ысык-Көл областы | 183 | 595 | 202 | 214 |
| Нарын областы | 81 | 115 | 138 | 83 |
| Талас областы | 73 | 133 | 87 | 109 |
| Жалал-Абад областы | 234 | 355 | 305 | 282 |
| Ош областы | 295 | 665 | 394 | 429 |
| Баткен областы | 100 | 79 | 159 | 153 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 856** | **9 945** | **2 122** | **1 984** |

**3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 81,8 млрд сом жалпы суммасында 16,8 миллион транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 23,1 жана 12,1 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 75,5 млрд сом жалпы суммасында 11,3 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 11,3 пайызга, көлөмү 14,0 пайызга көбөйгөн;

- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 6,3 млрд сом жалпы суммасында 5,4 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 58,0 пайызга, ал эми көлөмү 6,0 пайызга төмөндөгөн.

**2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б. системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.

2020-жылдын IV чейреги ичинде валютанын 13 түрү боюнча эл аралык төлөм өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2020-жылдын IV чейрегинде 704,2 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 1,0 пайызга көбөйгөн.

Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 823,8 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 6,7 пайызга көбөйгөн.

**2.5. Акча которуулар**

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. 2020-жылдын IV чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 56,2 млрд сом жалпы суммасында 2 771,1 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 2,5 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 23,4 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 14,8 млрд сом жалпы суммасында 234,2 миң транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 7,1 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 5,6 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 38,9 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 62,6 пайызы туура келген.

**8-график. 2020-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**9-график. 2020-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын 2020-жылдын IV чейреги үчүн берген отчетторуна ылайык, Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык жактан камсыз кылуу жагында талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2020-жылдын IV чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 251,3 млн АКШ доллары суммасында 342,5 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 10,0 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү

36,3 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 113,3 млн АКШ доллары суммасында 105,5 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 0,5 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 0,5 пайызга азайган.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 7,2 млн евро жалпы суммасында 19,7 миң кирген которуулар өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша, 39,2 жана 32,3 пайызды түзгөн. Чыккан которуулардын саны 2,9 млн евро жалпы суммасында 2,1 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 55,9 жана 70,7 пайызга азайган.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 31 392,4 млн рубль суммасында 2 409,0 миң кирген которуу өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 1,6 пайызга төмөндөгөн, ал эми анын көлөмү 9,4 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 4 718,3 млн рубль суммасында 125,8 миң транзакция ишке ашырылган, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 11,5 жана 0,7 пайызга азайган.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2020-жылдын IV чейрегинде 0,2 млн теңге суммасында 1 кирген которуу ишке ашырылган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда төмөндөө тиешелүүлүгүнө жараша 99,8 жана 99,4 пайызды түзгөн. Чыккан которуулар 134,8 млн теңге жалпы суммасында 0,8 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 3,8 жана 6,5 эсе көбөйгөн.

***5-таблица.*** *Акча которуу системалары аркылуу акча которуулар:*

| **Акча которуу системалары** | | **2019-ж. IV ч.** | | **2020-ж. IV ч.** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны,** *(миң даана)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* | **Саны,** *(миң даана)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* |
| Western Union | Кирген | 314,1 | 5 167,4 | 899,3 | 13 272,1 |
| | Чыккан | 11,5 | 590,8 | 8,9 | 580,8 |
| Contact | Кирген | 61,5 | 1 981,9 | 82,3 | 3 166,6 |
| | Чыккан | 31,4 | 1 025,9 | 17,4 | 971,8 |
| Money Gram | Кирген | 23,2 | 927,9 | 27,1 | 1325,6 |
| | Чыккан | 2,0 | 128,8 | 1,3 | 82,1 |
| Юнистрим | Кирген | 124,5 | 2 516,6 | 53,1 | 2 067,8 |
| | Чыккан | 7,1 | 1232,9 | 2,8 | 466,2 |
| БЛИЗКО | Кирген | 0,2 | 4,9 | 0,0 | 0,0 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| FASTER | Кирген | 0,5 | 7,1 | 0,0 | 0,0 |
| | Чыккан | 0,2 | 2,9 | 0,0 | 0,0 |
| Золотая корона | Кирген | 2 313,8 | 34 777,1 | 1 702,8 | 36 096,9 |
| | Чыккан | 199,9 | 11 073,3 | 203,7 | 12 735,1 |
| RIA | Кирген | 4,3 | 133,4 | 6,7 | 255,4 |
| | Чыккан | 0,1 | 4,2 | 0,1 | 6,2 |
| **Жыйынтыгында, системалар боюнча** | **Кирген** | **2 842,0** | **45 516,4** | **2 771,1** | **56 184,3** |
| | **Чыккан** | **252,1** | **14 058,7** | **234,2** | **14 842,1** |

**2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары**

2021-жылдын 1-январына карата абал боюнча 23 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ, анын ичинен 21 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 23 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2020-жылдын IV чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 14,8 млрд сом жалпы суммасында 38,3 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 4,7 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 31,42 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 30,1 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 78,52 пайызы).

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1 745,5 млн сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 11,78 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 2,2 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 5,87 пайызын) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 2 428,6 млн сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 16,39 пайыз), ал эми капчыктарды толуктоо саны 1 909,5 миң транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынан 4,98 пайыз) түзгөн.

***6-таблица.*** *Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:*

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 30 079 647 | 78,52 | 4 655 515,5 | 31,42 |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 51 011 | 0,13 | 10 763,6 | 0,07 |
| 3 | Интернет | 486 603 | 1,27 | 406 857,0 | 2,75 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 2 031 351 | 5,30 | 1 506 124,4 | 10,17 |
| 5 | Салык жыйымдары | 51 119 | 0,13 | 102 627,6 | 0,69 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр | 74 173 | 0,19 | 68 994,7 | 0,47 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 91 501 | 0,24 | 67 748,8 | 0,46 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 345 293 | 0,90 | 1 025 837,6 | 6,92 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 180 649 | 0,47 | 410 145,3 | 2,77 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 621 833 | 1,62 | 2 325 324,2 | 15,70 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 1 909 535 | 4,98 | 2 428 637,9 | 16,39 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 160 029 | 0,42 | 233 706,5 | 1,58 |
| 13 | Социалдык тармактар | 14 138 | 0,04 | 4 392,6 | 0,03 |
| 14 | Интернет оюндары | 47 702 | 0,12 | 37 519,2 | 0,25 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 30 530 | 0,08 | 82 056,0 | 0,55 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 283 221 | 3,35 | 131 269,9 | 0,89 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 469 | 0,001 | 249,1 | 0,002 |
| 18 | Кулактандыруулар | 19 525 | 0,05 | 11 061,8 | 0,07 |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 035 | 0,003 | 155,3 | 0,001 |
| 20 | Билим берүү | 6 762 | 0,018 | 47 863,1 | 0,32 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 3 024 | 0,01 | 476,4 | 0,003 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 817 243 | 2,13 | 1 257 496,2 | 8,49 |
| **2020-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгында** | | **38 306 393** | **100,0** | **14 814 822,8** | **100,0** |



10-график. Төлөмдөрдүн саны, %



11-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

Отчеттук мезгилдин IV чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 1,10 эсеге көбөйүп, 8 541 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

### 2.7. Электрондук акча

2020-жылдын IV чейрегинин акырына карата жети коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналат, электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он эки локалдык система иш алып барууда, алардын ичинен бир жаңы «Namba One» электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү отчеттук чейректе иштей баштаган, жана эки система 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен (электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) гана) ишин жүргүзгөн.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Электрондук капчыктардын жалпы саны 3,5 млн капчыкты түзүп, 11,5 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 78,8 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен аныкталган электрондук капчыктардын саны 750 миңди түзгөн (баардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 21,4 пайызды түзөт).

2019-жылдын IV чейрегине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 118,1 пайызга көбөйүп, 2,9 млрд сомду түзгөн, акча каражаттарын которуунун саны 1,1 млн тегерегинде операцияны түзүп, 427,8 пайызга көбөйгөн;
- электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) операцияларынын көлөмү 88,7 пайызга көбөйүп, 7,7 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 103,8 пайызга көбөйүп, 1,2 млн го жакын операцияны түзгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө операцияларынын көлөмү 21,3 пайызга азайып, 1,4 млрд сомду түзгөн, ал эми операциялардын саны да 12,8 пайызга азайып, 3,8 млн операция катталган;
- электрондук акча эмиссиясы (чыгаруу) операцияларынын көлөмү 70,6 пайызга көбөйүп,

12-график. Электрондук капчыктардын санынын




13-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү



9,3 млрд сомду түзгөн, мында электрондук капчыктарды толуктоонун саны 4,0 млн операцияны түзүп, 33,2 пайызга көбөйгөн.

**2.8. Банктык чекене агенттер**

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

2020-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- 75 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 30 агентке же 66,7 пайызга көбөйгөн;
- 655 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 478 агентке же 3,7 эсеге көбөйгөн.

Ошондой эле бир нече банк тарабынан региондордогу соода-тейлөө ишканаларынын кассаларынан акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча долбоор ишке ашырылып жатат.

**3. Методологиялык иш**

2020-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 18-ноябрындагы № 2020-П-14\66-5-(ПС) токтому менен «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 30-мартындагы № 15/6 «Кыргыз Республикасындагы электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» жобо бекитилген.

Коомдук талкууга Улуттук банктын төмөнкү ченемдик укуктук актылары сунушталган:

- «Криптовалюталарды жүгүртүү жөнүндө» жана «Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорлору.

Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору тарабынан корректировка болушу мүмкүндүгүнө байланыштуу өзгөрүшү ыктымал.